«Бекитилди»
«ИТАС» кафедрасынын 2018-
жылдын 28 - августунд өткөрүлгөн
№1 –протоколу
каф. башч.,доцент Чамашев М.

## Профессордук-окутуучулук курамын баалоо критерийлери

**Аныктамалар жана кыскартуулар:**

1. **AHCI** – Art and Humanities Citation Index (көркөм өнөр жана гуманитардык илимдер боюнча цитата келтирүү индекси);
2. **Академиялык түзүм** – университеттин ичинде иш алып барган факультет, жогорку мектеп, кесиптик жогорку мектеп, институт жана илимий изилдөө борбору;
3. **Тармактык индекстүү журнал** – SCI, SCI-Exp., SSCI, AHCI жана ESCI индекстүү журналдардан башка Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган журналдар;
4. **Изилдөө** – окутуучу иштеген жана изилдөөсүн жүргүзгөн тийиштүү мекеме тарабынан бекитилген, изилдөө ишинин башталганы тастыкталган, иштин жыйынтык отчету тийиштүү мекеме тарабынан кабыл алынган, кандайдыр бир башка долбоор алкагында жүргүзүлбөгөн, кеминде эки айлык мөөнөттүн ичинде жасалган, эски маалыматтарды иликтөөгө, бир маселени чечүүгө, бир теорияны андан ары өнүктүрүүгө, жаңы теория чыгарууга, жаңы маалымат, тажрыйба, технология же чыгармачыл эмгек жаратууга багытталган, изилдөө процесстери боюнча отчеттору берилген, бул нускаманын тиркемесинде орун алган башка иш-чараларга кирбеген ырааттуу иштер;
5. **Шилтеме** – башка авторлорлордун эмгектеринде окутуучунун илимий эмгегине жасалган шилтеме;
6. **Башка рецензияланган журналдар** – SCI, SCI-Exp, SSCI, AHCI, ESCI жана тармактык индекстүү журналардан сырткары ISSN жана e-ISSN-номерлүү, басылган же электрондук түрдө кеминде үч жылдын ичинде жарыкка чыккан, тому, бети, чыккан жылы ж.б. маалыматтары жарыяланган журналдар;
7. **ESCI** – Emerging Sources Citation Index;
8. **Иш-чара** – ар бир окуу жылында өткөн жылдагы өлкө ичинде жана чет өлкөдө илим, технология жана көркөм өнөр багытында ишке ашырылган долбоорлор, жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр, жарыяланган эмгектер, иштелип чыккан дизайндар, уюштурулган көргөзмөлөр, алынган патенттер, илимий иш-чараларда жасалган докладдар, ээ болгон академиялык сыйлыктар, коомдук, башкаруу иш-чараларына кошулган салымдар жана башка илимий-практикалык, маданий иш-чаралар;
9. **Китеп** – мындан мурун эч жерде жарык көрбөгөн илимий, автордук же которулган чыгарма;
10. **Комиссия** – академиялык ишмердүүлүктү шыктандырууну камсыз кылуу, баалоо, текшерүү жана апелляцияларды кароо комиссиясы (мындан ары – Комиссия);
11. **Сыйлык** – окутуучуга өз тармагына байланыштуу кесиптик, илимий жана көркөм өнөр жаатында аткарган иштери жана коомдук иш-чараларга катышкандыгы үчүн берилген сыйлыктар;
12. **Патент** – улуттук жана эл аралык мекемелер тарабынан берилген патенттер;
13. **Долбоор** – темасы, максаты, мазмуну, мөөнөтү, өзгөчө шарттары жана бюджети аныкталган, жаңы билим жаратуу, илимий негиздеме берүү, технологиялык/социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн илимий негиздерге таянып ишке ашырылган жана жыйынтык отчету тийиштүү мекемелер тарабынан кабыл алынган иштер;
14. **SCI** – Science Citation Index (цитата келтирүү индекси);
15. **SCI-Exp** – Science Citation Index-Expanded (кеңейтилген цитата келтирүү индекси);
16. **РИНЦ** - Российский индекс научного цитирования (Россия цитата келтирүү индекси)

17. **Окумуштуулар кеңеши** – Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши,
18. **Көргөзмө** – окутуучу тарабынан өз тармагына байланыштуу илимий-практикалык мүнөздө жана аудио-визуалдык формада мезгилдүү өткөрүлчү иш-чара, көргөзмө, концерт, фестиваль ж.б.;
19. **SSCI**– Social Science Citation Index (коомдук илимдер боюнча цитата келтирүү индекси);
20. **Календардык жыл** – 01-январдан 31-декабрга чейинки мезгил.
21. **Доклад** – улуттук жана эл аралык деңгээлдеги илимий жыйындарда жасалган жана (докладдар жыйнагында, веб-сайттарда же CD, DVD ж.б. каражаттарда) жарыяланган доклад;
22. **Коомдук иш-чараларга катышуу** – университеттен уруксат алуу менен коомго пайда алып келчү иштер;
23. **Улуттук канал** – өлкө боюнча телеберүүлөрдү жүргүзгөн телеканал;
24. **Улуттук долбоор** – бир өлкөнүн мекемелер жана уюмдар тарабынан колдоого алынган долбоор;
25. **Улуттук басма** – кеминде үч жыл улуттук масштабда ишмердүүлүк жүргүзгөн жана тийиштүү тармакта кеминде беш автордун китебин басып чыгарган басма;
26. **Эл аралык долбоор** – бир нече өлкөнүн мекемелери жана уюмдары тарабынан жүзөгө ашырылган долбоор;
27. **Эл аралык басма** – кеминде беш жыл эл аралык деңгээлде ишмердүүлүк жүргүзгөн, тийиштүү тармакта кеминде жыйырма китеп басып чыгарган басма,
28. **Университет** – Ош мамлекеттик университети,
29. **WOS:** Web of Science;
30. **Чет өлкөдөгү иш-чара** – Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары чет өлкөдө аткарылган иш-чаралар;
31. **Өлкөнүн ичиндеги иш-чара** – Кыргыз Республикасынын аймагында аткарылган иш-чаралар.

**Жалпы принциптер**

32. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо же шыктандыруучу төлөм боюнча арызын берген окутуучулар аткарган иш-чаралары тууралуу маалыматтарды университеттин веб-баракчасындагы системага киргизип, принтерден басып чыгаргандан кийин 1-Таблицаны кол тамгасын коюу менен тийиштүү түзүмдөргө белгиленген мөөнөттө тапшырышы керек.
33. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруучу төлөм боюнча келген арыздарды кабыл алууда комиссия тарабынан керектүү деп эсептелген жана бул жободо көрсөтүлбөгөн башка документтер да талап кылынышы мүмкүн.

**Иш-чараларга жараша талап коюлган шарттар жана документтер**

**Длбоор**

34. Долбоорду колдогон мекеме/ уюм тарабынан долбоордун отчеттук жыл ичинде аяктаганын тастыктаган документ берилиши керек. Долбоордун жыйынтыктоочу отчетунун маалыматтарын (долбоордун аталышы, долбоор аяктаган жылы, жетекчинин/координатордун, изилдөөчүнүн жана кеңешчилердин аты-жөнү, иштеген жери, отчет тапшырылган жылы ж.б.) камтыган беттеринин көчүрмөсү тапшырылат.
Бирден ашык өлкөдөн изилдөөчү же мекеме катышкан долбоорлор эл аралык болуп эсептелет.

**Илимий изилдөө иши**

35. Изилдөөчүнүн ОшМУ тарабынан дайындалгандыгын жана анын изилдөө ишинин изилдөөсүн жүргүзгөн мекеме тарабынан бекитилгендигин тастыктаган документ болушу керек.

**Китеп жазуу/ которуу**

36. Жазылган китептин мукабасы, жарыяланышы тууралуу маалыматтарын жана мазмунун көрсөткөн беттери (көчүрмөлөрү) болушу керек.
37. Жазылган китептин бир бөлүгү боюнча ал китептин мукабасы, жарыяланышы тууралуу маалыматтарын жана мазмунун көрсөткөн беттери (көчүрмөлөрү) болушу керек.
38. Энциклопедияда жарыяланган материал боюнча ал энциклопедиянын мукабасы, жарыяланышы тууралуу маалыматтарын жана мазмунун көрсөткөн беттери менен тийиштүү теманын/ бөлүмдүн биринчи бети болушу керек.
39. Интернетте жарыяланган энциклопедиялар боюнча тема/ бөлүм орун алган веб баракчанын көчүрмөсү керек.

**Макала**

40. Жарыяланган макала боюнча автордун аты-жөнү, макаланын аталышы, жарыяланышы тууралуу маалыматтар орун алган журналдын беттери менен ал журналдын кайсы маалымат базасында орун алгандыгын көрсөткөн документ болушу керек.
41. Макала жарыяланган журналдардын (РИНЦ, SCI, SCI-Exp, SSCI, AHCI жана тармактык индекстүү журналдардан сырткары) кеминде үч жылдын ичинде үзгүлтүксүз басылып келатканын тастыктаган документ болушу керек.
42. Арыз ээси макаланын негизги автору же акыркы автору болгон учурда, анын мындан мурун тийиштүү тармак боюнча тармактык индекстүү же SCI, SCI-Exp, SSCI, AHCI, ESCI журналдарда кеминде 10 макаланы жарыялагандыгын көрсөткөн документи болушу керек.

**Китептин/ журналдын редактору, редколлегиянын мүчөсү, рецензенти жана жюринин мүчөсү болуу**

43. Рецензияланган журналдарга жана илимий китептерге рецензент болгонун көрсөткөн документтин тапшырылган күнү эске алынат.
44. РИНЦ, SCI-Exp, SSCI, жана AHCI, ошондой эле Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган тармактык индекстүү журналдарда жарыяланган макалага рецензент болгонун, журналдын Web of Science жана тийиштүү маалымат базасында орун алганын көрсөткөн документ болушу керек.
45. Башка рецензияланган журналдарда жарыяланган макалага рецензент болгонун жана журналдын акыркы үч жылдын ичинде үзгүлтүксүз басылып келатканын көрсөткөн документ болушу керек.
46. Илимий китептерге рецензент же редактор болгонун жана китептин кайсы басмада басылып чыкканын көрсөткөн документ болушу керек.
47. Көргөзмө, концерт, спорт жана кино тасмалар боюнча конкурстарда жюри мүчөсү болгон окутуучу бул иш-чаралардын арыз берген күнгө чейин аяктагандыгын тастыктаган документ бериши керек.
48. Жюри мүчөлүгү үчүн көргөзмө, концерт, спорт жана кино тасмалар боюнча конкурстардын аяктаган күнү эске алынат.
49. Окутуучу иш-чараларга жюри мүчөсү болуп катышкандыгын тастыктаган документ бериши керек.

**Коомдук ишмердүүлүк**

50. Коомдук жана салтанаттуу иш-чараларга катышкандыгына артыкчылык берилет.
51. Университетте ректорат деңгээлинде маданий жана көркөм өнөр иш-чараларга катышкандыгы.

**Патент**

52. Патент отчеттук жылдын ичинде каттоодон өтүшү керек.
53. Бир нече өлкөдө катталган бир эле патент боюнча бир гана жолу арыз жазылат.
54. Түрк патент институту/ Кыргызпатент же эл аралык деңгээлде тастыкталган уюмдар тарабынан берилген патенттин каттоо документинин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү болушу керек.

**Шилтеме**

55. Окутуучулардын илимий жумушуна диссертацияларда жасалган шилтемелер эске алынбайт.
56. Окутуучунун өзү автор болбогон эмгекте анын бир эле эмгегине бир канча жолу шилтеме жасалган болсо, алардын бири гана эске алынат.
57. Китепте жасалган шилтемелер үчүн ал китептин мукабасы, жарыяланышы тууралуу маалыматтар, колдонулган адабияттар жана шилтеме жасалган беттеринин көчүрмөлөрү болушу керек.
58. Шилтеме жасалган макала (макаланын биринчи бети, шилтеме жасалган бети жана колдонулган адабияттар) жана бул макала жарыяланган журналдын кайсы маалымат базасында орун алганын көрсөткөн документ же SCI-Exp, SSCI жана AHCI шилтемелери үчүн Web of Science маалымат базасында орун алгандыгын көрсөткөн документ болушу керек.
59. Шилтемелер боюнча академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруучу төлөмдү аныктоодо авторлордун ар бирине толук балл берилет.

**Доклад**

60. Докладдын толук тексти же тезиси орун алган докладдардын жыйнагынын мукабасын, илимий кеңештин тизмесин, мазмунун, докладдын биринчи бети жана доклад жасалган жылын көрсөткөн документ болушу шарт.

**Окуу-тарбия иш-чаралары**

61. Бүткөрүлгөн магистрдик/ доктордук диссертациянын илимий жетекчиси жана диссертация коргоо боюнча жюри мүчөсү болгонун тастыктаган жана тийиштүү институттар тарабынан берилген документ талап кылынат.
62. Окутуучунун отчеттук жылдын күзгү семестринде жана өткөн окуу жылынын жазгы семестринде берген сабактарынын Финансы комитети тарабынан кабыл алынгандыгы, ректораттын кароосуна сунушталгандыгы жана бекитилгендиги тууралуу документ болушу керек. Ар бир семестрде ченемден ашык өтүлгөн сабактардын топтому баалоо ишинде каралат.

**Сыйлык**

63. Сыйлык ыйгарылгандыгы тууралуу сертификат тийиштүү органдар тарабынан күбөлөндүрүлүп, анын көчүрмөсү тапшырылышы керек.
64. Тапшырылган документте жюри мүчөлөрүнүн ичинде изилдөөчүнүн тармагынан адистер катышкан комиссия тарабынан баалоо ишинин натыйжасында сыйлыктын эмне үчүн ыйгарылгандыгы тууралуу маалымат камтылышы керек.

**Башка академиялык иш-чаралар**

65. Илимий, маданий жана көркөм өнөр иш-чарасынын өткөрүлгөндүгүн жана аяктагандыгын тастыктаган документ болушу керек.
66. Арыз ээсинин жыйындарды уюштурууда аткарган милдетин көрсөткөн документ болушу зарыл.

**Коомдук иш-чараларга катышуу**

67. Мамлекеттик жана жеке сектордо кесиптик тармагы боюнча кеңеш же билим берүү кызматын аткарганын тастыктаган университет же тиешелүү мекеме тарабынан берилген документ болушу керек.

68. Орто мектептин окуучуларын жана университеттин студенттерин илимий конкурстарга катышууга даярдагандыгы тууралуу тийиштүү университет жана мекеме тарабынан берилген документ болушу керек.

69. Кайсы бир иш-чарада котормочулук, алып баруучулук, кураторлук, көркөм өнөр спорт жана ушуга окшогон иш-чараларда милдеттерди аткарууга ректорат тарабынан берилген тийиштүү кат болушу керек.

70. Телекөрсөтүү жана радиодо өткөрүлгөн же катышкан программанын улуттук же эл аралык телерадио берүү уюмдарында же болбосо улуттук же эл аралык кино фестивалдарында көрсөтүлүшү/уктурулушу керек. Чыгармада кеңешчинин аты, чыгарманын өз-өзүнчө катталышы жана анын чыгарма жазууда аткарган милдетин, чыгарма жазууда кеңешчи болгондугун же ага катышкандыгын тастыктаган документ болушу керек.

71. **Профессорлук кызмат ордуна талапкер болуу үчүн:**

a) Доцент же профессор наамына ээ болуусу керек;

b) 1-таблицада көрсөтүлгөн иш-чаралар боюнча кеминде 240 баллга ээ болуусу зарыл,

c) Жалпы баллдын 180 баллын А-пунктунан Н-пунктуна чейинки (Н-пункту менен кошо) иш-чаралар жана бул 180 баллдын 80 баллын акыркы беш жыл ичинде аткарган иш-чаралар боюнча алуусу керек;

d) Доценттин наамын алгандан кийин конкурс жарыяланган профессордук орундун илимий адистиги боюнча бир жогорку окуу жайында же илим-изилдөө мекемесинде кеминде үч (3) жыл иштөөгө тийиш;

e) Доценттин наамын алгандан кийин кеминде 5 жыл өтүшү керек;

f) Доценттин наамын алгандан кийин табигый жана медициналык илимдер жаатында SCI, SCI-Exp., SSCI жана AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган кеминде 5; коомдук жана гуманитардык илимдер менен көркөм өнөр жана спорт багытында SCI, SCI-Exp., SSCI, жана AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда жарыяланган кеминде 1 же Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган индекстүү журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган кеминде 5 макаланын автору болуусу керек. Көркөм өнөр жана спорт багытында 1-таблицадагы F- жана G-пункттарындагы иш-чаралардын ар биринен кеминде алты иш-чаранын аткарылышы талап кылынат.

72. **Доценттик кызмат ордуна талапкер болуу үчүн:**

a) 1-таблицада көрсөтүлгөн иш-чаралар боюнча кеминде 120 баллга ээ болуусу зарыл,

b) Жалпы баллдын 100 баллын А-пунктунан Н-пунктуна чейинки (Н-пункту менен кошо) иш-чаралар жана бул 100 баллдын 40 баллын акыркы үч жыл ичинде аткарган иш-чаралар боюнча алуусу керек;

c) Аспирантураны (докторантура) аяктагандан кийин SCI, SCI-Exp., SSCI жана AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган табигый жана медициналык илимдер жаатында кеминде 2, коомдук жана гуманитардык илимдер багытында кеминде 1 макаланын автору болууга тийиш. Көркөм өнөр жана спорт жаатында SCI, SCI-Exp., SSCI, AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда же Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган тармактык индекстүү журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган кеминде 2 макаланын автору болуу менен бирге 1-таблицадагы F- жана G -пункттарындагы иш-чаралар боюнча кеминде төрт иш-чаранын аткарылышы талап кылынат.

73. **Улук окутуучу кызмат ордуна талапкер болуу үчүн:**

a) Илимий даражасын (илимдин кандидаты/доктору, PhD) алгандан кийин 1 жыл өтүшү керек;

b) Улук окутуучуга талапкер болуу үчүн 1-таблицада көрсөтүлгөн иш-чаралар боюнча кеминде 60 баллга ээ болуусу зарыл,

c) SCI, SCI-Exp., SSCI жана AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган табигый жана медициналык илимдер жаатында кеминде 1, коомдук жана гуманитардык илимдер багытында SCI, SCI-Exp., SSCI жана AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда кеминде 1 макаланын автору болууга же Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган тармактык индекстүү журналдарда жарыяланган кеминде 2 макаланын автору болуу шарты талап кылынат.

**1-Таблица**

| | Баллы | ПОК тарабынан толтурулат | |
|---|---|---|---|
| **А. Макала** | | **Саны** | **Баллы** |
| 1. SCI Expanded, SSCI, AHCI журналдарында жарыяланган | **30** | | |
| 2. SCI Expanded, SSCI, AHCI, ESCIдан сырткары тармактык индекстүү журналдарда (Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган) жарыяланган | **15** | | |
| 3. Башка рецензияланган эл аралык жана улуттук журналдарда жарыяланган | **5** | | |
| **B. Доклад** | | | |
| 1. **Эл аралык конгресстерде окулган жана толук тексти / тезиси басылып чыгарылган** | **8/6** | | |
| 2. **Улуттук конгресстерде окулган жана толук тексти / тезиси басылып чыгарылган** | **4/3** | | |
| **C. Китеп/ текст жазуу** | | | |
| 1. **Тармагы боюнча** эл аралык басмаканаларда басылып чыккан илимий китеп | **60** | | |
| 2. **Тармагы боюнча** эл аралык басмаканаларда басылып чыккан китептин бөлүмү | **15** | | |
| 3. **Тармагы боюнча улуттук** басмаканаларда басылып чыккан илимий китеп | **30** | | |
| 4 **Тармагы боюнча улуттук** басмаканаларда басылып чыккан китептин бөлүмү | **10** | | |
| 5. Көркөм жана документалдуу кинонун сценарийин жазуу (ТВ же эл аралык кино фестивалдарында көрсөтүлгөн кино | **20** | | |
| **D. Журналдарда жана китептерде редактор болуу (акыркы беш жылда)** | | | |
| 1. **SCI, SCI exp., SSCI, AHCI индекстүү журналдарда** | **20** | | |
| 2. **SCI Expanded, SSCI, AHCI, ESCIдан сырткары тармактык индекстүү журналдарда (Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган) жарыяланган** | **10** | | |
| 3. **Башка рецензияланган чет элдик жана улуттук** | **5** | | |
| 4. **Тармагы боюнча** эл аралык басмаканаларда басылып чыккан китептерде | 20 | | |
| 5. **Тармагы боюнча улуттук** басмаканаларда басылып чыккан китептерде | **10** | | |
| **E. Шилтемелер** | | | |
| 1.Окутуучу өзү автор болбогон, SSCI, SCI, SCI-Exp, AHCI, ESCI индекстүү журналдарда жарыяланган макалаларда анын эмгектерине жасалган жана WOS индексинде орун алган ар бир шилтеме үчүн | **5** | | |
| 2.Окутуучу өзү автор болбогон, SSCI, SCI, SCI-Exp, AHCI, ESCIдан сырткары индекстүү (Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган) журналдарда жарыяланган макалаларда анын эмгектерине жасалган ар бир шилтеме үчүн | **3** | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **F. Патенттер/Автордук укуктар** | | | |
| 1. **Тармагы боюнча эл аралык патент** | **15** | | |
| 2. **Тармагы боюнча улуттук патент** | **10** | | |
| 3. **Пайдалуу объект же модель** | **15** | | |
| 4. Көркем өнөр жана илим тармагындагы дизайндар (имарат, чөйрө, чыгарма, басылма, **постер**, афиша, брошюра | **15** | | |
| 5. Жаңы сорт/раса (тукум) | **10** | | |
| **G. Көркөм өнөр багытындагы иш-чаралар** | | | |
| 1. **Жеке катышуу, эл аралык/улуттук** | **40/20** | | |
| 2. Чакыруу менен же конкурстук негизде чыгармачыл топ менен биргеликте катышуу, **эл аралык/улуттук** | **15/10** | | |
| 3. Эл аралык масштабдагы маданий иш-чаранын алкагында эфирге чыккан жана жаздырып алынган аудио же/жана видео материал, жеке же чыгармачыл топ менен биргеликте | **20/10** | | |
| 4. Улуттук масштабдагы маданий иш-чаранын алкагында эфирге чыккан жана жаздырып алынган аудио же/жана видео материал, жеке же чыгармачыл топ менен биргеликте | **10/5** | | |
| 5. TV жана радиодо программа даярдоо | **5** | | |
| **H. Жыйынтыкталган илимий изилдөө долбоорлору** | | | |
| 1. Эл аралык уюмдар тарабынан колдоого алынган долбоор боюнча жетекчи болуу | **20** | | |
| 2. **Эл аралык мекемелер тарабынан** колдоого алынган долбоор боюнча **изилдөөчү же кеңешчи болуу** | **10** | | |
| 3. Улуттук уюмдар тарабынан колдоого алынган долбоор боюнча жетекчи болуу | **10** | | |
| 4. **Улуттук мекемелер тарабынан колдоого алынган долбоор боюнча изилдөөчү же кеңешчи болуу** | **5** | | |
| **I. Диссертацияларга илимий жетекчи болуу** | | | |
| 1. **Доктордук диссертацияларга илимий жетекчи болуу** | **10** | | |
| 2. **Магистрдик диссертацияларга илимий жетекчи болуу** | **5** | | |
| **А-пунктунан Н-пунктуна чейин (Н-пункту менен кошо) жалпы баллы** | | | |
| **Талапкердин жалпы баллы** | | | |

Жогоруда берилген маалыматтардын туура экендигин тастыктайм.

| Кызматкердин/Талапкердин аты-жөнү | Наамы | Кол тамгасы | Датасы |
|---|---|---|---|